# Өз сабагынын анализи

1. Класстагы окуучуларга мүнөздөмө
   3-к классында 40 окуучу билим алууда. Окуучулардын кабыл алуусу, билим деңгээли бирдей эмес. Түшүнүп кабыл алуусуна, тапшырманы аткаруусуна карап 3 топко бөлүп кароого болот. Биринчи топтогу окуучулар маалыматты бир окуп түшүнөт, тапшырманы туура так аткарат.
   Экинчи топтогу окуучулар берилген теманы бир эки кайталоодон кийин түшүнүшөт. Билимдерин тереңдетиш үчүн кайталоого жана бышыктоого карата көп көнүгүүлөрдө аткаруу зарыл. Класстын көбү ушул топтогу окуучулар. Ал эми үчүнчү топтогу окуучулар мугалимдин жана ата-энелердин колдоосуна муктаж. Өз алдынча тапшырма аткарууда кыйналат. Сабакты пландоодо окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн, билим деңгээлин эске алуу менен даярдадым.
2. Сабактын темасы: « Эки бир тууган»
3. Сабактын тиби: жаны сабак
4. Сабактын формасы: жуптарда иштөө, топтордо иштөө, өз алдынча ищтөө
5. Колдонулган методдор: интерактивдүү ыкмалар
6. Сабактын жабдылышы: окуу китеби, дептер, калемсап, СТО
7. Сабактын максаты жана көрсөткүчтөрү

| № | максаттары | көрсөткүчтөр |
|---|---|---|
| 1 | Билим берүүчүлүк:<br>Эки бир тууган жомогун окуп, мазмунун тушунушот. Тушунукторун мазмуунду, элестетуу менен айтып беришет. Суроо-жооп иретинде ангеме жургузушот. Создук ишин жургузуп, жаны создордун маанисин чечиелешет. Каармандарга муноздомо беришет. | Окуучулар максатка жетет деп билсек болот эгерде алар:<br>-жомокту окуп, мазмунун тушунсо. Тушунукторун мазмуундуу, элестетуу менен айтып берсе. Суроо- жооп иретинде ангеме жургузсо. Создук ишин жургузуп, жаны создордун маанисин тушундурсо. Каармандарга муноздомо берсе. |

| | | |
|---|---|---|
| 2 | Өнүктүрүүчүлүк :<br>Ой жүгүртүүсү, эске тутуусу, кабыл алуусу, көңүл буруусу өнүктүрүлөт. Соз байлыгы, суйлоо кеби калыптанат. | -өз алдынча, топтордо иштегенди билсе<br>-түшүнгөнүн айтып бере алса<br>-алдыга максат койгонду билсе<br>-коюлган максатка карата иш аракеттерди жасаса<br><br>-берилген суроого түшүнүү менен жооп берсе алса |
| 3 | Тарбия берүүчүлүк:<br>Окуучунун инсандык касиеттерине, адептуулукко, чынчылдыкка, бир туугандары менен биримдуу болууга, тактыкка, тыкан алып журууго тарбиялланышат. | -өзүн сабак учурда алып жүрө алса<br>-бири-бирин сыйлоону билсе<br>-тапшырманы таза, сулуу аткарма<br>-адептуулукко, чынчылдыкка, бир туугандары менен биримдуу болууга тарбияланса. |

8. Сабактагы негизги этаптар
1) Уюштуруу:
1.1 Саламдашуу
1.2 Шыктандыруу.
1.3 Үй тапшырманы текшерүү
2) Негизги бөлүм. Окуучулар менен жомокту 5 узундуго болуп, ар бир узундуну талкуулап, суроолорго жооп берип, алдыда эмне болорун божомолдодук. Божомолдордун тууралыгын кийинки узундуну окуп текшердик

Эс алуу минутасы (оюн)

Бышыктоо. Беш манжа оюн аркылуу бышыкташты

Жыйынтыктоо. Балдар сабакта аткарган тапшырмаларын өздөрүнүн аткарганына жараша быйтыкчалар аркылуу билдиришти.

Баалоо. Сабактын ар бир этаптарында, ар бир окуучунун иш аракетине жараша мактоо, кубатто сөздөрү менен бааланышты

Үйгө  тапшырма. Тапшырманы аткаруу тартиби түшүндүрүлдү.

9. Сабак өз максатына жетти.

Мугалим: Алымбаева Н. Б